1-тиркеме

***(ЖИ, ыктыярдуу патент)***

**Жеке ишкерлик менен алектенүү боюнча ыктыярдуу патенттин негизинде аракеттенген жеке ишкердин эсептешүү эсебин ачуу үчүн документтердин тизмеси**

1. Эсеп ачууга арыз;
2. Анкета;
3. Жеке ишкерлик менен алектенүү боюнча колдонуудагы патенттин көчүрмөсү;
4. Кол тамганын жана мөөрдүн үлгүсү (бар болсо);
5. Кардардын жана/же анын ыйгарым укуктуу адамынын паспортунун көчүрмөсү же мамлекеттик маалымат системаларынан алынган санариптик форматтагы документ

**Документтерге карата коюлуучу кошумча талаптар:**

- Кардар Банкка документтердин нотариалдык жактан тастыкталган көчүрмөлөрүн берген учурда Банктын кызматкери документтердин берилген көчүрмөлөрүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюп, көчүрмөлөргө ЖИнин мөөрү басылып, тастыкталышын камсыз кылат (бар болсо). Кардар документтердин нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берген учурда ушул пунктта көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу талап кылынбайт.
- документтердин нотариалдык жактан тастыкталбаган көчүрмөлөрү ЖИнин мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек, ЖИнин мөөрү жок болсо, Банктын кызматкери документтин берилген көчүрмөсүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюшу керек.

**Эскертүү:**

**Документтердин бул тизмеси акыркы болуп саналбайт. Банк кардардан бенефициардык менчик ээсин (пайда табуучуну) идентификациялоо үчүн керектүү болгон кошумча документтерди берүүсүн талап кылууга жана тиешелүү документтер берилгенге чейин эсепти ачпоого укуктуу.**

Эгерде кол тамгалардын үлгүсү жана мөөрдүн басма тагы түшүрүлгөн карточкада көрөтүлгөн адам башка өлкөнүн жараны болуп саналса, жеке ишкер эсепти ачып жаткан учурда ошол адамга карата төмөнкү документтерди бериши керек:
- паспорт столу тарабынан берилген убактылуу каттоо талону же убактылуу жашай туруу укугу;
- аракеттеги визасы бар (B1, B2, W1, W2 категория) чет өлкө жаранынын паспортторунун (чет элдик жана ички паспортторунун) көчүрмөлөрү;
- чет өлкө жаранына ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген иштөө укугу.

2-тиркеме

**№2 тиркеме**
(Юридикалык жак түзбөстөн ЖИ)

**Юридикалык жак түзбөстөн жеке ишкерлик менен алектенген, мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн негизинде аракеттенген жарандын эсептешүү эсебин ачуу үчүн берилчү документтердин тизмеси**

1. Кагазга жазылган, кардардын колу коюлган же электрондук формадагы эсеп ачуу жөнүндөгү арыз;
2. Анкета;
3. Юридикалык жак түзбөстөн жеке ишкерлик менен алектенген жарандын мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүк;
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лизензияланууга жаткан ишмердикти жүргүзүү укугуна карата берилген лизензиянын көчүрмөсү (эгерде кардар ишмердиктин лицензияланууучу түрү менен алектенсе);
5. Кол тамганын жана мөөрдүн үлгүсү (бар болсо);
6. Кардардын жана/же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн паспортунун көчүрмөсү.же мамлекеттик маалымат системаларынан алынган санариптик форматтагы документ

**Документтерге карата коюлуучу кошумча талаптар:**

- Кардар Банкка документтердин нотариалдык жактан тастыкталган көчүрмөлөрүн берген учурда Банктын кызматкери документтердин берилген көчүрмөлөрүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюп, көчүрмөлөргө ЖИнин мөөрү басылып, тастыкталышын камсыз кылат (бар болсо). Кардар документтердин нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берген учурда ушул пунктта көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу талап кылынбайт.
- Бардык документтердин нотариалдык жактан тастыкталбаган көчүрмөлөрү ЖИнин мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек, ЖИнин мөөрү жок болсо, Банктын кызматкери документтин берилген көчүрмөсүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюшу керек.

**Эскертүү:**
Документтердин бул тизмеси акыркы болуп саналбайт. Банк кардардан бенефициардык менчик ээсин (пайда табуучуну) идентификациялоо үчүн керектүү болгон кошумча документтерди берүүсүн талап кылууга жана тиешелүү документтер берилгенге чейин эсепти ачпоого укуктуу.